3-БӨЛҮК

# УСТАКАНАДА ИШТӨӨ

## Реабилитациялык жасалгалар жана иш-аракеттер





“Устаканада аткарылуучу жумуштардын” көбүн эшикте, таза абада деле жасоого болот. Сүрөттө, Кивбезиде (Кения, Африка) жашаган жаш жигиттер кымбат эмес көмөкчү жасалгаларды жасаганды үйрөнүп жатышат. (Сүрөт Aids for Living (Күндөлүк тиричилик үчүн көмөкчү каражаттар) деп аталган китептен алынган, AHRTAG.)

56-БӨЛҮМ

# Көмөкчү жасалгалар жана иш-аракеттер зыян эмес, пайда алып келиши керек

Мени (Девид Вернер) 10 жашымда, бир бут кетменимде көйгөйлөр болгондуктан, дарыгерге алып барышты. Ал кезде улам ар түрдүү нерселерге чалынып, таман сөөктөр - жото жилик муундарымдын байламталарын чоюп оорутуп алчумун. Анда ушунун баары андан ары улам күчөй берүүчү ***булчуңдар дистрофиясынын*** баштапкы белгилери экенин эч ким билген эмес.

Дарыгер бут кетмендеримди текшерди. Бут кетмендерим белгилүү бир даражада алсыз болуп, шөлпөйүп калгандыктан, дарыгер “супинатор” деп аталган, таман тиреген атайын батектерди бут кийимиме салып алуума кеңеш берди. Аларды шаардын аркы четинде иштеген техник-***ортопед*** жасап берген.

Атайын батектер даяр болгондо, ортопед аларды бут кийимим менен тамандарымдын ортосуна тууралап салып берди. “Ооруткан жокпу?” деп, ал сурады. Мен “Жок” дедим. Ошентип, “батектерди бут кийимиңе дайыма салып ал” деген кеңеш-талап менен мени үйүмө жөнөткөн.

Мен ал батектерди жек көрчүмүн! Оорутканынан эмес, аларды бут кийимиме салып алып баскандан кыйнала бергендиктен. Батектер тамандарымдын ортолорун кысып, натыйжада кызыл ашыктарым сыртты көздөй буралгансып калчу. Ошондон тартып, мурункудан көбүрөөк жыгылып, кызыл ашыктарымдагы байламталарымды чоюп оорутуп алчу болдум.

Батектерди салып алып басууга каршы экенимди билдирүүгө аракет кылдым, бирок мени эч ким уккан жок, анткени мен ал кезде баламында. “Сен бул батектерди салып алып басканга көнүшүң керек! Сен үчүн эмне пайдалуу экенин кимиңер жакшыраак билесиңер – сенби же дарыгерби?” деп мага улам айтып турушар эле.

Андыктан мен буга унчукпай эле, ичимен кыйнала берчүмүн. Мүмкүнчүлүк болору менен мен батектерди бут кийимимен алып, катып салчумун. Бирок мунун үстүнөн кармалганда, мен жазаланчумун. Өзүм үчүн “пайдалууну” аткарбаганым үчүн далай жолу өзүмдү күнөөлүү сезип жүрдүм.

Бир нече жылдан кийин, басуум ого бетер начарлаганда, дарыгер ортездерди кийип басуум керек деп билдирди. Металл ортездер кызыл ашыктарымды бекем кармачу, бирок оор жана ыңгайсыз болуп, өзүмдү мурункудан да оңтойсуз сезчү болдум. Мен ошол ортездерди жек көрчүмүн, бирок аларды кийип жүрүүгө аргасыз болдум. Бир дем алыш күнү узак убакытка тоого чыктым. Буттарымдын алдынкы бети ортездерге сүрүлүп, аларда ооруткан терең жаралар пайда болду. Андан ары ортездерди кийүүдөн баш тарттым.

Арада көп жылдар өтүп, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар менен иштегениме бир топ убакыт болуп калганда, ортопед уста экөөбүз мага кандай кызыл ашык кармагыч жасалгалар баарынан жакшы жардам бермек экенин аныктадык. Ошентип, азыр мен пластиктен жасалган жеңил ортездерди колдоном. Алар мага ийкемдикти да берет, буттарымды да бекем кармайт.

Ошол кезге көз чаптырып көрсөм, **чынында мага эмне керек экенин өзүмө салыштырмалуу дарыгер жакшыраак биле алуусу мүмкүн эмес экенин түшүндүм.** Анткени, бул менин буттарым да! Албетте, мен анда 10 гана жашта элем, механиканы жана анатомияны билчү эмесмин, эмне болуп жатканын түшүндүрө алган жокмун. Бирок кандайдыр бир ички сезимимдин жардамы менен мага эмне жардам берерин, эмне жардам берберин туйгансыдым. Эгер жан дили менен мага жардам берүүнү каалап турган чоңдор менин ой-пикириме да кулак салышканда, балким мен өзүмө ылайыктуураак ортездерге ээ болуп, өзүмдү күнөлүү сезмек эмесмин, жана өзүмдүн ой-пикиримди коргойм деп атып, башкаларга кежир баладай көрүнмөк эмесмин.

Мен балачакта башыман өткөн ошол нерселерден айрым нерселерди үйрөндүм. Мен ден соолук бузулуусу бар баланы кунт коюп угуу, ортопедиялык аппаратты колдонгондо же көнүгүүлөрдү аткарганда өзүн кандай сезерин суроо, анын жана ата-энесинин ой-пикирлерин эске алуу канчалык маанилүү экенин түшүндүм. **Балким, бала менен анын ата-энесиники дайыма эле туура боло бербейт, бирок дарыгерлердики, физиотерапевттердики жана *реабилитологдордуку* деле дайыма туура боло бербейт. Бир бирибиздин билимибизди сыйлоо жана ой-пикирлерибизди эске алуу жолу аркылуу ар бир бала үчүн оптималдуу чечимдерди кабыл алуу мүмкүн.**




Түзүлүшүн 616-беттен караңыз.


**Көмөкчү жасалгалардын жана жабдуулардын түзүлүштөрүндөгү бир катар эң мыкты жакшыртуулар мындай каражаттарды колдонгон балдардан түшкөн идеялардын жана сунуштардын негизинде мүмкүн болду.**

## БАЛАГА РЕАБИЛИТАЦИЯЛЫК ЖАСАЛГАЛАРДЫ, ЖАБДУУЛАРДЫ ЖАНА ДАРЫЛОО ИШ-АРАКЕТТЕРИН ТАНДООДОГУ САКТЫК ЧАРАЛАР

Сунуш кылынган жасалга же жабдуу баланын муктаждыктарына чынында жооп берерине ынануу үчүн, төмөнкү суроолорго жооп бериңиз:

1. **Бул көмөкчү жасалга же жабдуу балага канчалык керек? Балким анысы жок эле ары-бери которулганды үйрөнүү балага көбүрөөк жардам берер? Мисалы:**

Еленанын артрити бар. Анын жамбаш сөөк – кашка жилик муундары өтө эле алсыз болгондуктан, денесинин салмагын көтөрө албайт. Ал ортездерди жана балдактарды колдонсо болот. Бирок мындай жасалгалар кыздын буттарын бекемдеберин эсиңизден чыгарбаңыз. Тескерисинче, алар буттарын ого бетер алсыз кылып салат, анткени сан булчуңдарына күч келтирбей эле басуусун мүмкүн кылат.




ПАЙДАСЫ АЗ

Булчуңдары бекемдөөчү көнүгүүлөрдү аткаруу, мисалы, сууда басуу (буттарына туруусу жеңил болот) эң мыкты чечим болушу мүмкүн.



Андан тышкары, балдактарга эмес, таякка таянып басуу сан булчуңдарына күч келтирип, аларды бекемдөөгө кызкызга жардам берет (587-бетти караңыз).



ПАЙДАСЫ КӨБҮРӨӨК

БАЛА КӨМӨКЧҮ ЖАСАЛГАЛАРДАН ЧЕГИНЕН АША КӨЗ КАРАНДЫ БОЛУП КАЛУУСУНА ЖОЛ БЕРБЕҢИЗ!

2. Баладардын чоңоюусу жана өрчүүсү менен, алардын муктаждыктары да өзгөрүп турат. Андыктан, **мезгил-мезгили менен көмөкчү жасалганы алмаштыруу, же балким аны колдонууну такыр токтотуу зарыл бекенин текшерип туруу керек. Баланын оюн эске алыңыз.** Мисалы:

Денесинин тең салмактыгын жакшы сактай албагандыктан, Миша үчүн отургучка отурганды үйрөнүү оор болгон.



Бирок бала өнүгүүсүндө алдыга жылган сайын, ордунда бекем кармоочу кайыштарды колдонууну улантуусу денесинин тең салмактыгын сактоо ык-жөндөмүн өрчүтүүсүн жайлатып, эч карматуусуз отурганды үйрөнүүсүнө тоскоол болушу мүмкүн.



Мишага денесинин тең салмактыгын эч кандай кошумча карматуусуз эле сактаганды мүмкүн кылган, буттарына жана жамбаш сөөк – кашка жилик муундарына жөлөктү камсыз кылган отургуч көбүрөөк жардам берет.

БАШЫНДА ГАНА ПАЙДАЛУУ

АНДАН КИЙИН ПАЙДАЛУУ

3. Балага, көп учурда, дүкөндөн сатып алынчу кымбат жабдууга караганда, атайын ал үчүн ойлоп чыгарылып жасалган, **түзүлүшү жөнөкөй жана кымбат эмес жасалга** көбүрөөк ылайыктуу. Мисалы:

Сатыктагы дөңгөлөктүү отургучтар көп учурда аябай эле чоң болуп, баланын муктаждыктарына аларды ылайыктап өзгөртүү оор болот. Мындай отургучтарды оңдоо татаал жана кымбат, жаңы бөлүктөрүн табуу кыйын.



АНЧА ЫЛАЙЫКТУУ ЭМЕС

Бала үчүн түзүлүшү жөнөкөй жана ыңгайлуу дөңгөлөктүү отургучту өзгөчө кыйынчылыктары жок эле жыгачтан же фанерадан жасоого болот. Эгер мындай отургучту жасоодо велосипеддин дөңгөлөктөрүн жана башка стандарттык бөлүктөрдү колдонсо, аны баланын чоңдугуна, салмагына жана муктаждыктарына жараша атайылап жасоо, керек болгондо оңдоо, бузулуп калган бөлүктөрүн жаңыларына алмаштырып коюу жеңил болот. (620-бетти караңыз.)



ЫЛАЙЫКТУУРААК

4. **Үй-бүлөнүн жана жергиликтүү коомчонун финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга аракеттениңиз.** Улам чоңойгон балага ортездердин, бут же кол протездерин жана атайын отургучтарын да улам жаңы, чоңураактарына алмаштырып туруу керек болот. **Алардын арзан же түзүлүштөрү өзгөртүлүп туураланма түрлөрүн колдонуңуз. Ошондо баланын үй-бүлөсү үчүн жеңил болот.** Мисалы:


Кээде жакыр үй-бүлөлөр бир жыл бою эптеп тапкан акчаларын тизе жана кызыл ашык бөлүктөрү бүгүлгөн заманбап кымбат ортездерди жана атайын бут кийимди сатып алуу үчүн коротушат.

Балага бул ортези батпай калганда же ал бузулганда, үй-бүлө аны оңдото же жаңысын сатып ала албайт. Ошондо бала кайрадан төрт аяктап ары-бери которулууга аргасыз болот, анда контрактуралар калыптанат, жана бала ушу бойдон баспай калышы ыктымал.




АНЧА ЫЛАЙЫКТУУ ЭМЕС


Муундары бүгүлбөгөн арзан ортездер балага, отуруусу үчүн, тизелерин бүгүүгө жол бербейт. Бирок мындай ортездерди көп акча коротпой эле жаңысына алмаштыруу жеңил, ошондо бала буттарына туруп алып жүрүүсү дайыма мүмкүн болот. Бир кымбат ортезге кеткен акчага 20 арзан ортезди жасоо мүмкүн.




ЫЛАЙЫКТУУРААК (543- жана 586-беттерди караңыз.)

5. **Айыл жеринин мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланыңыз.** Баланы үйүндө отура берүүсүнө аргасыз кылбай, дарылоо көнүгүүлөрү баланын күндөлүк тиричилигинин жана башка балдар менен ойноп убакыт өткөрүүсүнүн ажырагыс бир бөлүгү болуп калгыдай шарттарды түзүүгө аракеттениңиз. Мисалы:

Эгер балага алсыз колун машыктыруу үчүн атайын жасалга керек болсо,




көнүгүүлөрдү башкалардан обочолонуп алып аткаруусун талап кылбаңыз.




ТУУРА ЭМЕС

Андан көрө, бала көнүгүүлөрүн да аткарып, жалпы ишке да катышуусун мүмкүн кылган жолдорун издеңиз.



Эгер сок билек өтө эле оор болсо, бул бөлүгүнө кошумча жүк илип койсоңуз болот.

Башка бала сок билекти түшүрүүсүнө жардам берсе болот.




ПАЙДАЛУУРААК

Колдун күчү менен кыймылга келтирилген тегирмен менен буудай тарткан аймактарда аны көнүгүү аткаруу үчүн колдонсо болот. Дан тарткан таштарды да так ушул максатта пайдаланууга болот. Туткагын айлантуу үчүн, чоң же кичине күч жумшоо керек болгондой кылып, тегирменди тууралап коюу мүмкүн. (6- жана 377-беттерди да караңыз.)




6. Эгер тандоо мүмкүнчүлүгү бар болсо, **мүмкүн болушунча жеңил жана көзгө анча урунбаган ортопедиялык жасалгаларды колдонгула.** Мисалы:

Тина балдардын көпчүлүгү жеңил бут кийим кийген айылда жашайт. Шаардык реабилитациялык борбордо ага ортопедиялык батинкелери бар оор металл ортездерди беришти. Тина аларды башынан эле жек көрө баштады. Ал ортездерди кийип, тышка чыгуудан баш тартты.



Жарым жылдан кийин атасы аны айылдагы реабилитациялык борборго алып барганда, ал жерден кызга жеңил пластик ортездерди тандап беришти. Жаңы ортездеринин үстүнөн байпак кийип алуусу, атайын батинке кийбей эле, өзүнүн эски жеңил бут кийимин кийип алуусу мүмкүн экен. Тина бул ортездерин такыр чечпөөгө деле макул сыяктуу.






**Эскертме.** Балдар бут кийим жана байпак кийбеген аймактарда бут кетменинин көпчүлүк бөлүгүн ачык бойдон калтырган, таман бөлүгү жыгачтан жасалган ортездерди кийип жүрүү мыктыраак (жана тазараак) болот.



7. **Реабилитациялык жасалгаларды жана жабдууларды жергиликтүү элдин маданиятына жана жашоо мүнөзүнө ылайыктап тууралоого аракеттениңиз.** Мындай жасалгалардын мүнөздүү мисалы – “жайпур протези” (67-бөлүмдү караңыз).


Индиянын айылдарында жашаган адамдар көп нерселерди чочоюп отуруп алып жасашат. Алар тамакты жер деңгээлинде даярдап, ошол жер деңгээлинде эле ичишет. Адам стандарттык бут протезинде, анын тизе жана кызыл ашык бөлүктөрү ийкемсиз болгондуктан, чочоюп отура албайт. Андан тышкары, мындай протезди бут кийимсиз же сууда колдонууга болбойт.

СТАНДАРТТЫК ПРОТЕЗ ЖАЙПУР ПРОТЕЗИ




ПАЙДАСЫ АЗЫРААК МЫКТЫРААК

“Жайпур протези” индиялыктар үчүн иштелип чыккан: “тизе мууну” толук бүгүлөт, негизинен резинкеден жасалган кызыл ашык бөлүгү абдан ийкемдүү жана чочоюп отурууну мүмкүн кылат. Өңү-түсү жана формасы (манжалары дагы) кадимки эле буттукундай. Протез сууда эч нерсе болбогондуктан, аны кийип алып, сууга кирсе же күрүч талаасында иштесе болот. Ал арзан, аны пайдалануу оңой.



(“Жайпур протези” тууралуу кошумча маалыматты 636-беттен издеңиз.)

8. **Жасалгалардын сырткы көрүнүшүн жагымдуу, өздөрүн колдонууда ыңгайлуу кылып жасаңыз.** Балага көмөкчү жасалга жакканын текшерүү үчүн, төмөнкүлөрдү аныктаңыз:

- Бала аны пайдалануудан ырахат алабы, же башкалардын алдында аны менен сыймыктанабы?
- Ал ата-энесине жактыбы?
- Башка балдар аны колдонгусу же аны менен ойногусу келеби?





9. Балдарга мүмкүн болушунча (чынында керек ч474енемден) көбүрөөк көмөкчү жасалгаларды берүүгө умтулуу жалпыга мүнөздүү жаңылыштык. Көп учурда бала реабилитациялык борборго чоң, оор ортездери бар келет. Мындай ортездер чыныда ага эч качан керек болгон эмес же азыр керек болбой калды. Чынында алар баланын андан ары өрчүүсүн токтотуп коюшу мүмкүн. **Бала көмөкчү жасалгаларынын жардамы менен эмне жасай аларын, жана аларсыз эмне жасай аларын дайыма текшериңиз. Алардын чоңдугун жана салмагын азайтууга, же алардан такыр баш тартууга аракет кылгыла. Баарынан мурун, бала эмне каалаарын тактаңыз.**




ПАЙДАСЫ АЗЫРААК ПАЙДАСЫ КӨБҮРӨӨК ЭҢ ПАЙДАЛУУ (бул бала үчүн) (550-бетти караңыз.)


# КАНДАЙ ДЕФОРМАЦИЯЛАРДЫ ОҢДОО КЕРЕК, КАНДАЙЛАРЫН ОҢДОБОЙ ЭЛЕ КОЮУ КЕРЕКТИГИН КАНТИП АНЫКТАСА БОЛОТ

Китептин ушул үчүнчү бөлүгүндө ар түрдүү реабилитациялык жасалгалардан жана жабдуулардан тышкары, мууңдардын контрактураларын оңдоо ыкмалары да (59-бөлүмдү караңыз) каралат. Ортопедиялык аппараттын түрүн тандоодон мурун, **баланын контрактурасын оңдоо керек бекенин аныктап алуу зарыл.** Контрактуралардын көбү баланын жашоосун кыйындатып жиберет, бирок айрым түрлөрү чынында ага жардам берет, андыктан аларды оңдобой эле койгон оң. Мисалы:




Полиомиелиттен жабыркап калган баланын алсыз буту көп учурда кыскараак болот.

Бут кетменинин учу түшүп, бала бут манжаларына туруп баса баштайт, бут кетменин ушул абалында кармап калган контрактура калыптанат. Ушундай өзгөрүүлөрдүн жардамы менен буттардын узундуктарынын айырмасы анча билинбей калат.



Эгер мындай контрактура оңдолсо, бут кыскарып, **жамбаш сөөк капталга жантайып, омуртка тутуму ийрийип, баланын басуусу ого бетер олдоксон болот.**

Контрактура оңдолгон.



Жамбаш сөөктүн жантайышын жана омуртка тутумунун ийрийүүсүн оңдоо үчүн, бут кийимдин таманын бийиктетүү жана, балким, ортез колдонуу талап кылынат.


Бул баланын **басуусун оорлотуп, дефектти ого бетер көзгө урунуктуу кылып коёт.**

**Мындай учурда, контрактураны оңдоБОЙ эле койгон оң болушу мүмкүн.**

Зыянына караганда пайдасы көбүрөөк болгон контрактуралардын башка мисалдары: алакан-манжалары ***шал*** адамдардын манжаларынын контрактуралары (183-бет) жана жүлүнү жабыркаган же ***булчуңдар дистрофиясы*** бар адамдардын арка булчуңдарынын чыңалышы (375-бет).

БЦШ

**ЭСКЕРТҮҮ!** Кээде ортопед хирургдар операция баланын жалпы абалына кандай таасир тийгизерин жакшылап изилдебей эле, бут кетменинин контрактураларын жана туура эмес абалын оңдоо үчүн, ***спастикалык*** формадагы церебралдык шалдыгы бар балага хирургиялык операция жасоого аттанышат. Көп учурда мындай операция баланын басуусун ого бетер кыйындатып, күндөлүк тиричилигинде өзүн тейлөө мүмкүнчүлүктөрүн начарлатып коёт. **Операцияга уруксат берүүдөн мурун, реабилитациялык терапевттер жана башка ортопеддер менен акылдашыңыз.**



**Кандай гана болбосун контрактураларды же деформацияларды оңдоого аттануудан мурун, бул баланын функциялдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтерине ынаныңыз.**

# ЭМНЕ МААНИЛУУРААК – СЫРТКЫ КӨРҮНҮШҮБҮ ЖЕ ФУНКЦИЯНАЛДУУЛУГУБУ?

Пайдалуураак (функцияналдуу) жасалганы же сырткы көрүнүшү жагымдуураагын – экөөнүн бирөөсүн тандоо керек болгондо, **жергиликтүү маданий чөйрө факторлорун** эске алып, **баланын жана ата-энесинин каалоолоруна** кулак салуу маанилүү. Төмөндө бир окуя келтирилген.

## ШРИ ҮЧҮН КОЛ ПРОТЕЗИ

Шри 13 жашка толгондо, бир күнү качырдын күчү менен айлантылган, кант камыш тартуучу чакан тегирменде атасына жардам берип жаткан. Бир кезде анын колу тегирмендин айланган тиштерине кирип кетип, ал жерден жанчылып калды. Колун алаканы менен билегинин ортосунан кесип салууга туура келди.

Кесилген жери тез эле айыкты, бирок Шринин көңүлү такыр эле чөгүп кетти. Ал буга чейин шайыр кыз эле. Ал эми азыр ал эч нерсе кылбай эле отурчу гана болду. Шри үй иштеринде жардам бербей калды, тышка да чыкпай калды. Ал кесилген жерин кийимине же аркасына катчу болду.

Шринин үй-бүлөсү анын ахывалына тынчсызданышты. Алар Шрини шаардагы адиске алып барышты. Адис кызды текшерип, протез колдонуусун сунуш кылды. "Эки түрү бар: биринин сага пайдасы тийет, бирок көрүнүшү илмек сыяктуу, ал эми экинчиси кудум чын кол сыяктуу, бирок анчалык пайдалуу эмес." деп билдирди. Ал киши Шрини илмекти тандоого үндөдү жана аны колдонууну үйрөнүүсү Шри үчүн канчалык оңой болорун түшүндүрдү. Бирок Шри чын кол сымал протезди тандады.




Протез аябай кымбат болчу, бирок дээрлик чын кол сыяктуу эле жана үй-бүлөсү макул болду. Аны сатып алуу үчүн, атасы качырын сатууга аргасыз болду, анан бир жылдан ашык убакыт карыздарга батып да жүрдү.

Арадан убакыт өттү, бирок Шри жаңы колун чынында такыр колдонгон жок. Ал протезди бир нече жолу кийип көрдү, бирок ал Шриге муздак жана жансыз сезилди. Бир күнү Шри колун тагып алып, апасы экөө базарга барышканда, Шриге ал жердеги элдин баары аны улам карап жаткандай туюлду. Шри менен достошуп жүргөн эки кичинекей эркек бала колун көздөй көрсөтүп күлүп жатышты. Ошондон тартып, Шри протезди такыр тагынбай калды.

Бир күнү Шринин үйүнө айылдык медициналык кызматкер келди. Ал үйдө баары үй иштери менен алек болуп жатканын, ал эми Шри бурчта тынч отурганын көрдү.

Үй-бүлөсү менен сүйлөшкөндөн кийин, медициналык кызматкер Шриге дагы башка балдардай эле мамиле кылууларын үйдөгүлөрүнө сунуштады. "Шрини үй иштеринде жардам берүүгө жана үй-бүлө аткарган иштердин баарына катышууга шыктандыргыла. Шри менен эч кандай кокустук болбогондой мамиле кылуунун кереги жок. Андан көрө Шрини бүтүндөй, кемтиги менен кабыл алыңыз. Аны мурункудай эле жакшы көрөрүңөрдү жана анын жардамына муктаж экениңерди Шриге билдиргиле." деди.

Ошентип, Шриге боор ооруп эле жүрө бербей жана аны эч нерсе кылдырбай, бир жерде өзүн аяп отургузуп коюунун ордуна, үй-бүлөсү Шриге кокустук боло электегидей мамиле кыла баштады. Алар Шриден үй иштеринде жардам берүүнү, тамак даярдоону жана кичинекей бир тууганын кароону сурана баштады. Башында Шри буларды жасагысы келбеди жана бул иш-аракеттер ал үчүн кыйын болуп сезилди. Бирок көп өтпөй Шри соо колун жана кемтиги бар колун пайдаланып, көп нерсени жасоону үйрөндү. Анын өзүнө болгон ишеними көбөйө баштады жана бир канча убакыттан кийин базарга өз алдынча барып калды. Башында эл Шринин кемтиги бар колун көрүп, "байкуш кыз" деп шыбырап жүрдү. Бирок көп убакыт өтпөй Шринин ар кандай нерселерди канчалык жакшы жасай аларын көргөндө, элдин ага жаны ачуусу токтоп, айланадагылар Шриге башка адамдардай эле мамиле кыла баштады.

ТУУРА ЭМЕС



Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баласы иштен качпай, жардам берип туруусун үй-бүлөсү камсыз кылуусу маанилүү.

ТУУРА




Андан көрө, колунан келе тургандын баарын кылганды үйрөнүп алуусуна ага жардам бериңиз.

Бала жашоого, үй-бүлөсүнө жана коомчосуна жакшыраак ыңгайлашып алуусу үчүн, **жасалганы тандоодо** анын функцияналдуулугуна да, сырткы көрүнүшүнө да көңүл буруу керек.

Реабилитолог-адистер көп учурда протездин пайдалуулугуна же "функцияналдуулугуна" көбүрөөк маани беришет. Бирок коомчосунун баланы кабыл алуусу да өтө маанилүү. Айрым аймактарда бул ого бетер маанилүү болушу мүмкүн. Андыктан, деформацияны көзгө мурункудан урунуктуураак кыла турган протезге Шри сыяктуу баланы көндүрүүдөн мурун, адегенде ал балага кандай таасир тийгизерин эске алууга тийишпиз. Кээ бир аймактарда эл баланы да, анын протезин да бат эле кабыл алат. Бирок кээ бир элдерде денесинин бир жери кемтик келген адамга карата түрдүү терс түшүнүктөр же терс ырым-жырымдар калыптанып калган. Айрым элдерде бир колдун алакан-манжаларын кесип салуу жаза катары салттуу түрдө колдонулуп келет. Мындай кемтик адамды ууру катары белгилеши мүмкүн. Же болбосо, бир жери кемтик деп эсептелинген кыз убагы келгенде өзүнө өмүрлүк жар таба албай кыйналышы мүмкүн. Андыктан, пайдасы жок болсо да, кудум чын мүчөдөй көрүнгөн же көзгө урунуктуулугу азыраак протезди колдонуу мындай кыздарга социалдык жактан өтө маанилүү болушу ыктымал. (Эгер үй-бүлөсүнүн каражаты бар болсо, кээде 2 протез сатып алган баарынан жакшы: бирин үй тиричилигинде жана жумушта колдонуу үчүн, чын кол сыяктуусун сулууланып алып, бир жерге чыкканда.)

**СЫРТКЫ КӨРҮНҮШ – МААНИЛҮҮ!**

Мисалы, эгер адамдын алакан-манжаларынын экөө тең ампутацияланган болсо, функцияналдуулук жагынан караганда, билектериндеги сөөктөрүн "кычкачка" айлантуу операциясын жасатуу эң оптималдуу болот. Мындай салыштырмалуу жөнөкөй операциянын натыйжасында эч кандай протезде зарылчылык болбойт, жана эң башкысы – жаңыча түзүлгөн мындай колунда **сезгичтиги сакталат**. Бирок мындай колдорду, алардын көркү жоктугунан улам, буга муктаж болгондордун азы гана тандашат.



Албетте, бала дефектисинен уялуусу же "аны катып жүрүүм керек" деп ойлоосу өкүнтпөй койбойт. Башка адамдардын мындай көйгөйлөргө көбүрөөк түшүнүү менен мамиле кылуусу үчүн болгон аракетибизди аябашыбыз керек. Бирок адамдар ар кандай нерселерге болгон мамилелерин тез өзгөртүшпөйт. Көп учурда бала менен анын ата-энесинин кандайдыр бир нерселерден чочулоосунун жөнү бар болот. Биз буга түшүнүү менен мамиле кылышыбыз керек. Ошол эле учурда, баланын мындай жагдайына көбүрөөк түшүнүү менен мамиле кылуусу үчүн, баланын өзүнө, үй-бүлөсүнө жана коомчосунун тургундарына жардам берүүгө, жана ошол баланы мүмкүн болушунча ар кандай мүмкүнчүлүктөр менен камсыз кылууга тийишпиз.

Кайраттуу болуусуна балага көмөк кылуу зарыл. Жакында эле денесинин бир жерин кокустатып алган бала сыртка чыгып, башкалар менен катнашуудан же мектепке баруудан чочулап калат. Баланын дефектин көргөндө, башында башкалардын (чоңдордун же балдардын) ошол балага "боору ооруйт", же тескерисинче, алар аны кемсинтишет. Бирок эгер биз ушул баштапкы кыйын мезгилди өтүүсүнө балага жардам берсек, демейде башкалар анын "өзгөчөлүгүнө" бат эле көнүп, баланын дефектине да, анын өзүнө да түшүнүү менен мамиле кыла башташат. Үйлөрүнөн чыгып, башкалар менен катнашкан, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын саны улам көбөйгөн сайын, кийинкилерге ошончолук жеңилирээк болот, анткени эл көбүрөөк ачылып, мындай көйгөйлөргө түшүнүү менен көбүрөөк мамиле кыла баштайт.

Шрининин окуясында, реабилитация иштери боюнча адис көйгөйдү Шриге протез сунуштоо аркылуу чечүүгө аракет кылды. Шрининин үй-бүлөсү протезге көп акча каражатын сарптады. Бирок жаңы "кол" анын көйгөйүн чечкен жок. Шри чынында аны эч качан кабыл алган эмес жана колдонгон жок. Шрининин бир четинен эмоцияналдык көйгөйү бүтүндөй үй-бүлөсүнүн катышуусу менен, күндөлүк иштерди аткарууга анын кошулуусуна жардам берүү жана өзүнө карата болгон ишенимине кайра жетүүсү менен чечилди.

Бул абдан маанилүү. **Өтө эле көп учурда чынында негизинен инсандык, социалдык же эмоцияналдык көйгөйлөргө техникалык жоопторду табууга аракет кыла беребиз.** Ошентип, атайын көмөкчү каражаттарды жана жабдууларды колдонууга кайрылабыз. Кээде алар керек болот. Бирок кээ бир учурларда аларда зарылчылык жок, аларга көп чыгымыбыз кетет, же алар баланын турмушун ого бетер кыйындатып жиберет (физикалык жактан кандайдыр бир даражада пайдасы бар болсо деле). Андыктан...

**Балага атайын жасалга, ортопедиялык аппарат, хирургиялык операция же реабилитациялык жабдуу (жана так кандайы) керек экенине токтолуудан мурун, үй-бүлөсүндөгү жана коомчосундагы анын муктаждыктарын дыкат изилдеңиз.**